КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП РАЙОНУНУН
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП
ТЮПСКОГО РАЙОНА

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**XIV-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

Түп айылы

2025-жылдын 19-декабры **№99**

**Түп айылдык аймагынын 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинне өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Түп айыл аймагынын 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине киреше жана чыгаша боюнча айрым өзгөртүү киргизүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 10.12.2025-ж. №1087-тескемесине ылайык кыймылдуу мүлккө, айыл чарба жерлерине тиешелүү мүлк салыгынан бошотууга байланыштуу жергиликтүү бюджеттин жоготууларын компенсациялоо үчүн жана 26.11.2025ж №1024-тескемесинин негизинде жана КР Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 11-март №126 токтомуна жана Түп райондук администрация башчысы-аким 30-ноябрь 2025-жыл №01-15/5486 катына ылайык айыл өкмөттөрүнүн аппарат, китепкана, маданият үйлөрүнүн кенже тейлөө кызматкерлеринин эмгек маянасы көбөйүшүнөн республикалык бюджеттен 4497,0 миң сом келип түшүшүнө байланыштуу Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын XIV-сессиясы **токтом кылат**:

1. Түп айыл аймагынын 2025-жылга бекитилген бюджет көлөмү 68926,8 миң сом өлчөмүндө №1-тиркемесине ылайык бекитилсин.

**Анын ичинен:**

- 161,3 миң сом акча каражаты аппарат, китепканалар жана маданият үйлөрүнүн кенже тейлоо кызматкерлеринин эмгек акысына бөлүнсүн.
- 1230,8 миң сом акча каражаты жалпы айыл аймак боюнча мекемелердин электрэнергиясына болгон чыгымдарды төлөгөнгө бөлүнсүн.
- 1349,0 миң сом Түп айылындагы жаңы ачылган "Келечек" балдар бакчасына көмүр алганга бөлүнсүн.
- 1605,9 миң сом Түп айыл өкмөтүнүн балансында турган имараттарды жана техникаларды камсыздандырууга бөлүнсүн.
- 150 миң сом Түп айылынын борбордук аянтчасына жаңы-жылдык жасалма балатысын орнотууга жана коооздогонго бөлүнсүн.

2. Бул токтомдун аткарылышын Түп айыл өкмөтүнүн башчысы У.И.Бозгуновко, көзөмөл кылуу жагы бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

3.Токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б.Абдымамбетов**